УДК 37.015.31
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-293-299

**Мурзаев М.С.**
психология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
mamatali54@mail.ru
**Акылбекова Н.И.**
экономика илимдеринин доктору, профессор
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
Бишкек ш.
nelly_a@bk.ru
**Жакшылыкова К.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
kishimzhanz@mail.ru

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН БАЛДАР ОЮНДАРЫНДА ГЕНДЕРДИК АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРГА СОЦИАЛДАШТЫРУУ САЛТЫ

**Аннотация.** Макалада гендер, гендердик мамиле, гендердик саясат, гендердик теңчилик түшүнүктөрүнүн маани мазмуну, коомдогу кызматтары, социалдык мамилелерди жөнгө салуудагы ролу чечмеленип, кыргыз элинин маданиятындагы гендердик мамилелердин өзгөчөлүктөрү каралды.

Кыргыз эли өзүнүн узак кылымдардагы өнүгүү тарыхында өз маданиятын, элдик тарбия салтын жараткан. Андай салттардын бири - кыргыз элиндеги оюндар балдарга тарбия берүүдө өзгөчө орунда турат жана алар улуттук өзгөчөлүктөрдү калыптандыруучу кудретке ээ.

Макалада кыргыз элинин маданиятында гендердик мамилелер салтынын жана аны калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү ачып берилип, аны калыптандыруунун балдар оюндарында ишке ашышы ачып берилди.

Балдар оюндары катары уул балдарда чикиилдек оюну, кыздар үчүн топ таш оюну алынып, анын ойнолушу, тарбиялык таасирлери жана инсанды социалдаштыруудагы ролу талдоого алынып, алардын өзгөчөлүктөрү ачып берилди.

**Негизги сөздөр:** гендер, гендердик тайпалар, гендердик мамилелер, гендердик саясат, гендердик теңчилик, балдар оюндары, жаш муундар, социалдаштыруу, чикилдик, топ таш, инсанды өнүктүрүү.

**Мурзаев М.С.**
кандидат психологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
mamatali54@mail.ru
**Акылбекова Н.И.**
доктор экономических наук, профессор

Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына
г. Бишкек
nelly_a@bk.ru
**Жакшылыкова К.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
kishimzhanz@mail.ru

## ТРАДИЦИИ СОЦИАЛИЗАЦИИ ГЕНДЕРНЫХ РАЗЛИЧИИ В ДЕТСКИХ ИГРАХ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

**Аннотация.** В статье раскрыта содержание терминов: гендер, гендерные отношения, гендерная политика, гендерное равенство, их функции в обществе и их роль в регулировании общественных отношений. Также рассматриваются традиционые особенности гендерных различий и гендерных отношений в кыргызской культуре, проблемы традиции формирования гендерного равенства в кыргызской культуре.

Кыргызский народ в историческом развитие создал собственную культуру и традиции народного воспитания. Одним из таких традиций воспитания является игры, которые занимают особое место в воспитании детей у кыргызского народа.

В статье рассматривается особенности традиции гендерных отношений и ее формирования в культуре кыргызов, а также реализация ее формирования в детских играх.
Формирования гендерного равенства и гендерной идентичности в кыргызской культуре осуществляется в традиционных детских играх (например, «Чикиилдек» для мальчиков и игра с мячом и камнями для девочек) у подрастающего поколения.

**Ключевые слова:** гендер, гендерные группы, гендерные отношение, гендерная политика, гендерное равноправие, детские игры, чикилдик, топ таш, развитие личности.

**Murzaev M.S.**
candidate of psychological sciences, associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
mamatali54@mail.ru
**Akylbekova N.I.**
Doctor of Economic Sciences, Professor
Kyrgyz National University named after J. Balasagyn
Bishkek c.
nelly_a@bk.ru
**Zhakshylykova K.**
candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
kishimzhanz@mail.ru

## TRADITIONS OF GENDER DIFFERENCES IN CHILDREN'S GAMES

## OF THE KYRGYZ PEOPLE

**Abstract.** The article reveals the content of the terms gender, gender relations, gender policy, gender equality, and their functions in society and their role in regulating social relations. The features of gender differences and gender relations in Kyrgyz culture, problems of the tradition of forming gender equality in Kyrgyz culture are also considered.

The Kyrgyz people in historical development have created their own culture and traditions of public education. One of these upbringing traditions is games, which occupy a special place in the upbringing of children among the Kyrgyz people.

The article examines the features of the tradition of gender relations and its formation in the Kyrgyz culture, as well as the implementation of its formation in children's games.

The formation of gender equality and gender identity in Kyrgyz culture is carried out in traditional children's games ("Chikiildek" for boys and playing with a ball and stones for girls) among the younger generation.

**Key words:** gender, gender groups, gender relations, gender policy, gender equality, children's games, chikildik, top tash, personality development.

Элдик педагогика элдин маданиятынын бир бөлүгү катары элдин өз идеалына ылайык адамды гумандуулук, өз жерин сүйүү, адамгерчиликтүүлүк, эмгекчилдик, жашоого ишенимдүү кароо сыяктуу сапаттарды калыптандыруу үчүн акылман ойлорун, турмуштук тажрыйбасын жалпы эле педагогикалык маданиятын жаратып, муундан-муунга өткөрүп олтурган. Башка элдердей сыяктуу эле кыргыз эли да көп кылымдар аралыгында топтоштурган өзүнүн элдик педагогикалык маданиятын бүгүнкү күнгө жеткирип олтурат.

Жаш муундарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, толеранттуулукка тарбиялоодо элдик педагогиканын мүмкүнчүлүктөрү жана ролу чоң [1, 86 б.]. Анткени элдик педагогика узак кылымдар аралыгында элдин ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жана элдин үрп-адаттарынын, каада-салттарынын негизинде жаралып, анда элдин мүнөздүк өзгөчөлүктөрү, элдин дили, жашоо образы муундан муунга берилет.

Азыркы күндө республикабызда ар башка этностордун өкүлдөрү жанаша жашап, тиричилик өткөрүүдө. Ошондуктан ар түрдүү улуттагы, түстөгү, диний ишенимдеги элдердин өкүлдөрүнүн бири-бирин туура түшүнүүсү жана ынтымакчылыкта жанаша жашашы үчүн жаш муундарда толеранттуулук аң сезимди жана жүрүм-турумду, толерантуулук сапаттарды калыптандырып баруу зарыл.

Кыргыз элдик педагогикасынын изилденишинде жана кыргыз этнопедагогика илиминин түптөлүшүндө академик Г.Н.Волковдун жана анын шакирти профессор А.Алимбековдун салымы зор. Алардын жетекчилиги астында көптөгөн жаш окумуштуулар аспирантурада окушуп, кыргыз элдик педагогикасын изилдөөгө алып келе жатышат.

Кыргыз педагогика илиминде жаш муундарды тарбиялоонун элдик педагогикадагы идеялары жана тажрыйбалары пайдалануу жаатында изилдөөлөр жүргүзүлүп, анын айрымдары мектеп практикасында колдонулуп жаткандыгына карабастан, жаш муундарга гендердик тарбия берүүдө элдик педагогиканын бай тажрыйбалары колдонулбай келүүдө.

Биз макалада гендердик мамилелер маселеси кыргыз элинин маданиятында кандай чечилгендигине жана гендердик мамилелер кыргыз элинин маданиятында кандай салтка ээ болгонуна токтолобуз.

Социалдык психологияда тайпа демографиялык өзгөчөлүктөрү боюнча да түрлөргө бөлүштүрүлөт жана анда гендердик тайпалар өзгөчө орунда турат.

Гендердик тайпалар социалдык психологияда өзүнүн изилдениш тарыхына ээ. Айрыкча америкалык социалдык психологияда гендердик тайпа маселелерин изилдөөгө дайыма көп көңүл бурулуп келинет. Айта кетчү сөз, бул тайпаларды изилдөө ар дайым эле «гендердик тайпаларды» изилдөө катары аталбай, көбүнчө «аялдардын психологиясын» же «эркектердин психологиясын» изилдөө катары жүргөн. Бул өзүнүн түшүндүрмөсүнө ээ, анткени ***гендер*** түшүнүгүнүн өзү жакындан бери гана колдонула баштады [2, 168-169 бб.].

**ГЕНДЕР** (gender) - жыныстардын биологиялык өзгөчөлүктөрү: эркектердин жана аялдардын анатомиялык өзгөчөлүктөрүндөгү айырмачылыктар эмес, алардын *социалдык* мүнөздөгү өзгөчөлүктөрүн сыпаттоо болуп, «социалдык жыныс» маанисин билдирет. Б.а., «гендер» (gender) түшүнүгү анатомиялык өзгөчөлүктөрдү жана жыныстардын биологиялык айырмачылыктарын эмес, *социалдык* мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн сыпаттоо үчүн колдонулат [5, 28 б.].

Кээде гендер кыскача гана «социалдык жыныс» катары түшүнүлөт, ал адамдын биологиялык жынысы менен дайыма эле дал келе бербейт. Жыныстын социалдык өзгөчөлүгү тарыхый жана маданий шарттар менен аныкталат. Ролдордун «табийгый» түрдө берилиши көңүлгө алынбайт. Эркектердин жана аялдардын гендердик өзгөчөлүктөрүн аныктоодо тигил же бул жыныс өкүлүнө коом тарабынан «таңууланган» социалдык ролдордун жыйындысын кошуп карашат. Гендер үч деңгээлде изилденип үйрөнүлөт: *жекече* (гендердик иденттүүлүк б.а., адамдын субьективдүү түрдө өзүн эркектердин-аялдардын тобуна кошуусу изилденет): *структуралык* (коомдук институттардын түзүмүндө: жетекчи - баш ийүүчү эркектердин жана аялдардын ээлеген орду изилденет); *символикалык* («чыныгы эркектин» жана «чыныгы аялдын» образы изилденет) [2, 168-169 бб.].

Азыркы кездеги коомдогу гендердик мамилелерди изилдөөгө жана андагы теңсиздиктерди жоюуга көп көңүл бурулат.

**Гендердик мамилелер** дегенде карым-катнаш процессинде же биргелешкен иш-аракеттерди аткарууда ар башка жыныстагы адамдардын ортосунда жаралуучу жүрүм-турумдун жана мамилелердин мүнөзү жөнүндө сөз жүрөт. Б.а., ар башка жыныстагы адамдар мамилелешкенде же биргелешкен иш-аракеттерди аткарган учурда түзүлүүчү жүрүм-турумдун жана мамилелердин мүнөзү жөнүндө сөз жүрөт [2, 168-169 бб.].

Азыр дүйнө жүзүндө өлкөлөрдөгү гендердик саясаттын мазмуну, гендердик саясат турмушка ашырып коомдо адамдардын мыйзам алдындагы теңчилигин орнотуу маселелери актуалдуу болуп саналат.

**Гендердик саясат** – ар башка жыныстагы адамдардын ортосундагы өз ара мамилелерде теңчиликти орнотууга багытталган мамлекеттик коомдук иш [5, 176 б.].

**Гендердик тенчилик** деген ар башка жыныстагы адамдардын мыйзам алдында укуктарынын, милдеттеринин жана жоопкерчиликтеринин теңдиги [5, 176 б.].

Гендердик саясаттын бир багыты жаш муундарда гендердик иденттүүлүктү калыптандыруу болуп саналат.

Биздин пикирибизче, гендердик мамилени ыйман, адептүүлүк менен тыгыз байланышта кароо туура болот. Анткени ыймандуу, адептүү инсан гана гендердик теңчиликти сактай алат.

Кыргыз элинде **ыйман, адамдын ыйманы** түшүнүгү бар. Бул сөздү орусчага «нравственность», «духовность» деп да которууга мүмкүн эмес. Себеби ыйман дегенде

кыргыздар адептүүлүктү да, рухий жетилгендикти да, ак сүйлөп, туура жүргөндүктү, адамдын ойлогон ою жакшылык болгон абалды биргеликте түшүнүшөт. Ошондуктан гендердик теңчиликти **ыймандуулуктун бир компоненти** катары кароо туура болот. Анткени ыймандуу адам гана гендердик теңчиликти сактап, гендердик мамилени туура уюштура алат.

Жаш муундарды инсан катары калыптандырууда алардын ыйман жана адемгерчилик сезимдерин ойготуу эң негизги маселелердин бири. Анткени, алардын ички сезимин ойготпой туруп, аларда ыймандуу, адептүү жүрүм турумдарды калыптандыра албайбыз.

Макалада гендердик маселелер кыргыз элинин маданиятында кандай чечмеленгендиги каралат.

Кыргыз эли өзүнүн узак кылымдардагы өнүгүү тарыхында өз маданиятын (фольклорун, элдик педагогикасын, спорттук оюндарын ж.б.) жараткан. Кыргыз элинин маданиятында элдик педагогика, элдик тарбия салты жакшы өнүккөн жана азыркы күндө да ээлдин турмушунда элдик тарбия салттары чоң мааниге ээ [1, 86 б.].

Кыргыз элинде оюндардые түрлөрү көп. Оюндар арасынан спорттук оюндар өзгөчө орунда турат. Кыргыз элинин эр сайыш, жаа атуу, күрөш жана көк бөрү ж.б. спорттук оюндары өтө жакшы өнүккөн жана алар улуттук өзгөчөлүктөрдү калыптандыруучу кудретке ээ болгон.

Бир белгиге ээ болгон нерселерди, кубулуштарды түрлөргө ажыратууда ар түрдүү принциптерге негизделинет. Ошондон окуунун интерактивдүү методдорун да окумуштуулар ар башкача бөлүштүрүшөт [4, 384 б.].

Кыргыз элинин оюндарын адамдардын катышуу өзгөчөлүгүн эске алып, шарттуу түрдө жалпы эл ойноочу оюндар, жынысына жараша жана жаш курагына жараша ойнолуучу оюндар деп үчкө бөлүүгө болот.

Жаш курагына жараша ойнолуучу оюндар катары балдар оюндары - наристелер, кичинекей балдар, тестиер балдар, өспүрүмдөр, жигиттер ойной турган оюндар болуп бөлүнөт. Ошондой эле жынысы боюнча бөлүнүп ойнолуучу оюндар кыздар ойноочу жана уул балдар ойноочу оюндар болуп бөлүнөт.

Кыргыз элинин балдар оюндарынын арасынан жынысы боюнча бөлүнүп ойнолуучу оюндарга сересеп салсак, элибизде гендердик айырмачылыктарга чоң маани бергендиги белгилүү болот.

Балдардын кыймыл-аракет жана интеллект, сезим жана эмоция сыяктуу психологиялык айырмачылыктарын эске алып, кыргыз элинде балдар оюндары гендердик табиятка ээ экендиги, балдар оюндары да уул балдар оюндары жана кыздар ойной турган оюндар деп ажыратылгандыгы көрүнөт. Мындан кыргыз элинин балдар оюндарында гендердик айырмачылыктарын эске алуу салты бар болгон десек туура болот.

Жогоруда айтылгандарга далил катары гендердик өңүттөн кыргыз элиндеги балдардын **чикилдек оюнуна** жана кыздардын **топ таш оюнуна** токтоло кетели.

*Чикилдек оюнун* уул балдар гана ойношот. Кыргыз элинин маданиятында балдардын (эркектердин) чикилдек оюну кеңири белгилүү. Түштүк Кыргызстандын аймагында азыркы күнгө чейин чикилдек оюну балдар тарабынан күзүндө жана эрте жазда ойнолуп келинет.

Чикилдек оюну негизинен уул балдар үчүн убакытты көңүлдүү өткөрүүчү, өзүн-өзү өстүрүүчү спорттук оюн болуп эсептелет.

Оюн өз эрежелерине ээ: катышуучулар аныкталат (катышуучулардын саны эки адамдан көп болушу, 4-5 адамдан ашпашы максатка ылайыктуу болот), белгиленип алынган мерчемден чикилдек чабылат, анын баласы узак жерге барып түшүүсү максатка ылайыктуу, анткени аны атаандаш кайра мерчеге кайтарууда кыйынчылыктарды жаратышы зарыл.

Алгач чикилдек (баласы жана энеси) даярдалат, анын бышык жыгачтан даярдалган болушу шарт. Андан кийин ойноло турган жай, андагы борбор, катышуучулардын саны, ким катышаары аныкталат.Оюнда кезектешип чикилдек чабылат. Ошондон алгач биринчи кезекте ким оюнду баштары аныкталат. Чикилдек узак жерге атылса, аны кайра мерчемге жеткирүү кыйын болгондуктан, ар ким чикилдекти узак жерге жеткирүүгө умтулат.

Бирөө чикилдекти чапкан учурда, атаандаштардан бирөө аны учуп баратканда тутуп алса, кезек заматта ага өтөт, тута албай калса чикилдектин баласы түшкөн жерден, аны ыргытып мерчемге алып келиши (жеткириши) керек.

Кезектешип чикилдек чабышат. Ким жеңилгени аныкталат. Ким чикилдектин баласын кайра мерчемге жеткире албаса утулган болуп эсептелет. Белгилүү жерден чуркап келип же турган жеринен 10 жолу секирип берип ж.б. жеңилгендин жазасын аткарат [3, 264 б.].

Чикилдек оюнунун балдар үчүн таалим-тарбиялык таасири чоң.

Жаш балдар чикилдек оюнун ойноодо оюнда колдонууга зарыл болгон оюн каражаттарын (чикилдек, чикилдектин баласын) өз колдору менен жасашат, оюн ойнолуучу талааны, белгиленген мерчемди, катышуучулардын санын, кимдин ойной тургандыгын, кимдин ойнобой тургандыгын (жашы, күчү ж.б.) аныкташат. Буларды аткаруу балдардан акыл-эсти, тапкычтыкты, баамчылдыкты талап кылат жана оюн процессинде балдардын жогоруда аталган сапаттары өнүгүп-өсөт.

Оюнда мелдешүү, атаандаштык, жарышуу абалы болгондуктан, оюн балдардын күчүн арттырууга, чыдамкайлыгын жана эрк күчүн өстүрүүгө, сабырдуулугун арттырууга алып келет. Бул оюн балдардын өзү теңдүүлөр менен болгон карым-катыш тажрыйбасына ээ болушуна таасир этип, алардын социалдашуусун ишке ашырат. Ошондой эле оюн балдардын ден соолугун чыңдоого, өзүн-өзү өнүктүрүүгө өз таасирин тийгизет.

*Кыздардын топ таш оюну.* Топ таш оюнун кыздар гана ойношот. Топ таш оюну өтө ыңгайлуу оюн болуп, бир курактагы кыздардын ойноосу талап кылынат. Кээде жашы чоң кыз өзүнөн кичинелердин баарын утуп алып, башка кыздар үчүн оюн кызыксыз болуп кетет. Ошондон жашы теңдер гана чогуу топташ оюнун ойношот.

Топ таш оюнун ойноо көп мейкиндикти талап кылбагандыктан, үйдүн ичинде ж.б. эч ким тоскоол болбогон (үйдүн бурчунда ж.б.) жерде ойносо болот. Топ таш ойноого керектүү болгон бирдей өлчөмдөгү кичинекей колго кармаганга ыңгайлуу болгон таштар тандалып алынат. Оюн башталганда кезектешип, бүт эрежелер сакталып ойнолот.

Оюнда турмуштук билимдер пайдаланылат, ар кандай кыздар үчүн оюнду үйрөнүү оңой. Оюндун сыйлыгы аныкталат. Көбүнчө бири-биринин таштарын утуп алуу үчүн ойношот.

Оюндагы атаандаштык абалы кыздардын оюнун кызыктуу болушуна таасир этет. Топ-таш оюну кыздарда чыдамкайлыкты, эрк күчүн өстүрүүгө, сабырдуулугун арттырууга алып келет. Оюнундун жүрүшүндө кыздар карым-катыш тажрыйбасына ээ болушат. Өзү теңдүүлөр менен мамилелешүүнү үйрөнөт. Оюндун жүрүшүндө кыз балдардын социалдашуусу да ишке ашат. Ошондой эле оюн өзүн-өзү өнүктүрүүгө да өз таасирин тийгизет.

Жогорудагы балдар оюндары улуттук маданият денгээлинде гендердик мамилелердин чечилишин чагылдырат жана бала кезден гендердик теңчилик жана гендердик иденттүүлүктүн калыптанышы ишке ашырылгандыгы белгилүү болот. Алсак, **гендердик иденттүүлүк** (гендерная идентичность) деген адамдын өзү тиешелүү болгон коомдо жогорку статустагы эркектердин же аялдардын бири экендигин аңдап билүүсү болуп саналат [6, 232б.].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин балдар оюндарында уул балдардын жана кыздардын биологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алып, уул балдардын жана кыздардын өздөрүнө мүнөздүү оюндары өнүктүрүлгөн. Буга балдарды тарбиялоодо колдонулган чикилдек жана топ таш оюндары көбө болот.

Аталган оюндар өсүп келе жаткан жаш муундарда дене жагынан, рухий жактан гана тарбия бербестен, гендердик иденттүүлүктүн калыптанышына өз таасирин тийгизет жана аларда гендердик мамилелердин адекваттуу болушуна, гендердик айырмачылыктарды так билүүгө алып келет.

Изилдөөнүн жыйынтыктары окуучуларда гендердик теңчиликти калыптандырууда оюндарды пайдалануу (биздин мисалыбызда чикилдек оюнун пайдалануу) натыйжалуу болорун көрсөттү. Чикилдек оюнунун окуучулардын куракттык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуу болушу, дене тарбия сабагында аны колдонуу сабактын кызыктуу болуп окуучуларда өзгөчө активдүүлүктү, демилгелүүлүктү ж.б. жаратары, ошондой эле аларда гендердик теңчилдик сезимдерди жарата тургандыгы белгилүү болду

**Адабияттар**


1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы –Бишкек, –1996, – 86 б.
2. Андреева Г.М. Социалдык психология (Которгон М.С.Мурзаев). – Ош, 2003 – 368 б.
3. Закиров А., Мурзаев М.С. Этнопсихология. Студенттер үчүн окуу китеби ( 2015.4.12 №1457/1). – Ош 2015. – 264 б.
4. Кожомкулова Г.Э., Кулубаева А.М. ОКУУНУН ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОРУ СТУДЕНТТЕРДИН ОКУУ САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУНУН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ. Вестник Арабаева –2023, №2 – С.384
5. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. – Бишкек: 2016. – 176 б.
6. Мурзаев М.С. Социалдык психология. ЖОЖдун бакалавр программасына арналган окуу китеби. – Бишкек: 2022 ж. – 232 б.


**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Дүйшенбиева Д.А.**